**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**А. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

# «АТА-ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИ» ПРОГРАММАСЫ

Мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдары үчүн

**Программаны түзүүчүлөр:**
А.Т. Калдыбаева, А.Ж. Муратов, Г.М. Мадаминов,
К.К. Акматов, С.К. Рысбаев, И.Д. Даминова

**БИШКЕК, 2022**

**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен сунушталган, Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин 2022-жылдын 3-октябрындагы отурумунда бекитилген**

**Программаны түзүүчүлөр:**

**Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна** – педагогика илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын башчысы;

**Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич** – педагогика илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору;

**Мадаминов Гапыр Мадаминович** – педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими, Лейлек районундагы № 3 эксперименталдык гимназия мектебинин директору;

**Акматов Кыялбек Камутович** – педагогика илимдеринин доктору, доцент И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу;

**Рысбаев Сулайман Казыбаевич** – педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын улук илимий кызматкери;

**Даминова Инават Даминовна** – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасынын башчысы.

**Рецензиялагандар:**

**Зулуев Бекмурза Бекболотович –**
педагогика илимдеринин доктору, доцент;

**Сманбаев Өрнөк Аманович –**
педагогика илимдеринин доктору, доцент.

Программа мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарынын ата-энелер менен биримдикте балдарды тарбиялоо ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө, бала тарбиясы үчүн мугалимдер менен ата-энелердин милдеттерин жана жоопкерчилигин жогорулатууга, алардын бирге иш жүргүзүүсүн конкреттештирүүгө багытталат.

# ТҮШҮНҮК КАТ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-июлундагы № 313 «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны бекитүү тууралуу» Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 30-августундагы № 303 «2022-2027-жылдарга улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программаны бекитүү тууралуу» Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200 « 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө» токтомунун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 2-февралындагы № 44-р тескемеси менен бекитилген «2021-2026-жылдарга инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын» негизинде түзүлгөн «Ата-энелер мектеби» программасы алгачкы жолу иштелип, пилоттук билим берүү уюмдарына сыноо үчүн киргизилип жатат.

«Ата-энелер мектеби» программасын киргизүү жана аны ишке ашыруунун зарылдыгы төмөнкүлөр менен байланышат:

1. Ааламдашуу процессинин тездешинен улам адамдардын ортосундагы байланыш, карым-катыш солгундап, бала бакча – мектеп – ата-эне мамилесинин пассивдешип кетиши;

2. Базар экономикасы шарттарынан, социалдык-турмуштук проблемалардан улам ата-энелердин бир топ бөлүгү эмгек мигранттары катары чет өлкөлөргө кетип, ата-энелик милдетти балдардын туугандары аткарып калышы;

3. Мугалимдер, тарбиячылар үй-бүлөдөгү ата-энелердин бала тарбиялоодогу функцияларына анчалык баа бербей келиши;

4. Билим берүү уюмдарында кыргыз эл педагогикасынын, салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн бала тарбиялоо салттарын өз деңгээлинде колдоно билбөөсү;

5. Нарктуу үй-бүлө түшүнүгүнө маани бербөөчүлүк;

6. Инсанды руханий, адеп-ахлактык жана дене-бой жактан гармониялуу тарбиялоонун эске алынбай келгендиги.

7. Ата-энелердин педагогикалык билиминин деңгээли төмөн экенин эске алып, «Ата-энелер мектеби» программасынын **максаттары** төмөнкүлөр:

- ата-энелерге баштапкы педагогикалык билим берүү;
- билим берүү уюмдары менен ата-энелердин байланыш жолдорун, ыкмаларын үйрөтүү;

• ар бир класстагы балдардын курактык өзгөчөлүгү боюнча психология илиминин ачылыштарына негиздеп баштапкы билим берүү;

• ата-энелерге балдардын инсан катары калыптануу процессинин өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү;

• билим берүү уюмдары менен ата-энелердин байланышуу жолдорун аныктоо;

• бала тарбиялоодогу ата-энелердин милдеттерин түшүндүрүү;

• бала тарбиялоодогу ата-энелердин укуктарын көрсөтүү;

• коомдогу, анын ичинде билим берүү уюмдары менен байланышуудагы ата-эненин ролун ачып берүү;

• үй-бүлөлүк тарбиянын мазмунун жана формаларын ата-энелерге ачып берүү;

• баланы тарбиялоодогу үй-бүлө институтунун башка коомдук-социалдык тармактар менен байланышын ата-энелерге түшүндүрүү ж.б.

Ал эми «Ата-энелер мектеби» **программасынын максаты** жогорудагы ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн теориялык жолдорун, негизги багыттарын, тематикаларын көрсөтүп берүү.

«Ата-энелер мектеби» **программасынын принциптери.**

1. Программа ар бир класста ондон темага бөлүнүп берилди.

2. Ал темаларга бөлүнгөн убакыт (бир саатпы, жарым саатпы) кырдаалга жараша чечилет.

3. «Ата-энелер мектеби» программасын алып баруучу педагог, же башка адис программага чыгармачылык менен мамиле кылууга ылайыкталды, башкача айтканда, айрым темаларды өзгөртүп алууга, ошол күндөр үчүн актуалдуу темаларды киргизип алууга мүмкүнчүлүк берилди.

4. Программанын материалдары сабактан тышкаркы учурда билим берүү уюмдарынын мугалимдери, класс жетекчилер, мектеп директорлору же алардын тарбиялык иштер боюнча орун басарлары тарабынан өтүлүүгө ылайыкташтырылды.

5. Ата-энелердин саны аз мектептер болсо иш-чараларды өтүүдө аларды балдары окуган класстары (жаш өзгөчөлүктөрү) боюнча топторго бөлүп алууга да мүмкүн, мисалы, 1-топ: балдары мектепке даярдалуучу ата-энелер; 2-топ: 1-2-класстын ата-энелери; 3-топ: 3-4-класстын окуучулары; 4-топ: 5-7-класстардардын ата-энелери; 5-топ: 8-9-класстардын ата-энелери; 6-топ: 10-11-класстардын ата-энелери ж.б.

Программанын идеяларын ишке ашыруунун формалары:

▪ мугалимдердин лекциялары;

▪ ата-энелер менен мугалимдердин баарлашуулары;

- диспут жана дискуссиялар;
- айрым үй-бүлөлөрдүн иш-чаралары менен таанышуу;
- конференциялар;
- семинарлар;
- тренингдер ж.б.

Ушул программанын толук курсун бүтүргөн ата-энелер төмөнкүдөй **компетенттүүлүктөргө** ээ болушат:

- балдарды үй-бүлөдө тарбиялоонун мазмунун, максатын, өзгөчөлүктөрүн түшүнөт;
- ата-энелер өз балдарынын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү тууралуу баштапкы илимий маалыматтарга жетишет;
- ата-энелер бала тарбиялоодогу өздөрүнүн милдеттерин жана укуктарын түшүнөт;
- нарктуу үй-бүлө түшүнүгүнө ээ болот, өзүн нарктуу үй-бүлө өкүлү катары алып жүрүүгө аракеттенет;
- курстун бүтүрүүчүлөрү билим берүү уюмдары, андагы мугалимдер жана тарбиячылар менен байланышуунун жолдорун өздөштүрөт ж.б.

*Эскертүү:* «Ата-энелер мектеби» программасы алгачкы жолу түзүлүп жаткандыгына байланыштуу, андагы айрым кемчилдиктер жана сунуштар түзүүчүлөр тарабынан эске алынат.

# АТА-ЭНЕЛЕРГЕ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУ

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ

**1-тема. 1-3 жашка чейинки балдардын психофизиологиялык өзгөчөлүктөрү жана аларды тарбиялоо жолдору.**

1 жаштан 3 жашка чейинки балдардын психологиялык өзгөчөчүлүктөрү. Бул курактагы балдардын физиологиялык өзгөчөлүктөрү. 1-3 жаштагы балдарды тарбиялоонун каражаттары, жолдору, өзгөчөлүктөрү. Бул курактагы балдарга көңүл буруууда ата-энелердин билүүсү керек болгон педагогикалык принциптер.

**2-тема. 3 жашка чейинки балдарды тарбиялоонун багыттары, мааниси жана ыкмалары.**

Үч жашка чейинки тарбиянын маанилүүлүгү. Бул курактагы балдарды тарбиялоого ылайыктуу багыттарды талдоо. Балдарга үч жашка чейинки тарбия берүүнүнү ыкмалары, эл аралык тажрыйбалар. Бул курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү.

**3-тема. 3-7 жашка чейинки балдардын психофизиологиялык өзгөчөлүктөрү, бул жаштагы балдарды тарбиялап, өстүрүүнүн метод, ыкмалары.**

Үч жаштан жети жашка чейин балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү. Бул курактагы балдардын физиологиялык өзгөчөлүктөрү. Ата-энелердин 3-7 жаштагы балдарды тарбиялоодогу методдор, ыкмалар тууралуу даярдыгы.

**4-тема. Мектепке чейинки балдардын сезим, акыл-эс, дене-бой тарбиясынын өзгөчөлүгү.**

Мектепке чейинки курактагы балдардын сезимине, акыл-эсинин өнүгүшүнө ата-эненин аракети. Балдардын дене-бой тарбиясына кам көрүү.

**5-тема. Балдарды сүйлөө кебинин өсүүсү жана акыл-эс жөндөмдүүлүгү.**

Мектепке чейинки курактагы балдардын оозеки кебин өнүктүрүүнүн усулдары. Балдардын оозеки кебин өнүктүрүүдөгү ата-эненин аракети. Балдардын акыл-эс жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү шарттары.

**6-тема. Балдардын эмгек жана эс алуу режими.**

Мектепке чейинчи курактагы балдарды эмгекке тарбиялоону уюштуруу. Балдардын эс алуу режимин уюштуруудагы ата-эненин ишмердүүлүгү.

**7-тема. Мектепке чейинки курактагы балдардын тамактануусу, ден соолугун чыңдоо.**

Мектепке чейинки курактагы балдардын тамактануу жакшыртуу, көзөмөлдөө. Балдардын ден соолугунун мыкты болушундагы тамак-аштын орду.

**8-тема. Оюндун балдардын руханий, интеллектуалдык өнүгүүсүндөгү мааниси.**

Оюндун балдардын руханий дүйнөсүнө тийгизген таасири. Балдардын интеллектуалдык өнүгүүсүндөгү ата-эненин ролу.

**9-тема. Үй-бүлөдө балдардын сезүү, кабыл алуу, көңүл бөлүү, түшүнүү, эстеп калуу ж.б. көндүмдөрдүн өнүктүрүү.**

Мектепке чейинки курактагы балдарды ар тараптуу өнүктүрүүдөгү ата-эненин ролу. Үй-бүлөлүк тарбиянын мааниси. Үй-бүлө тарбиясындагы нарктуулук идеялары.

**10-тема. Баланы мектепке даярдоо.**

Ата-энелерге баланы мектепке даярдоо боюнча көрсөтмө берүү. Баланы мектепке даярдоонун өзгөчөлүктөрү.

# БАШТАЛГЫЧ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ

## 1-КЛАСС

**1-тема. Баласы 1-класска барган ата-эне эмнени билүүсү керек же кайрадан мектеп партасында.**

Ата-энелерди мектеп жашындагы балдардын өсүүсүндөгү психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөр менен тааныштыруу. Башталгыч класстагы курак – балдардын интеллектуалдык өнүгүүсүндөгү маанилүү этап. Мектептеги алгачкы жылда балдардын ой жүгүртүүсүнүн негизги багыттарын өзгөртүү. Бул курак балдарга интеллектуалдык өнүктүрүүгө дем берүүчү убакыт. Кенже курактагы балдардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн зарыл түрдө калыптандыруунун бардык түрү. Кенже мектеп окуучуларынын негизги ишинин түрү: окуу, эмгек, баарлашуу жана оюн. Бул куракта окуу ишин өнүктүрүү өзгөчө роль ойнойт. Таанытуучу процесстерди (кабыл алуу, көңүл буруу, эс тутум) түздөн түз жөнгө салат. Жети жаштагы кризис. Кризистин терс симптомдору: кежирлик, негативдүүлүк, жүрүм-турумдун өзгөрүшү. Ата-энелердин жүрүм-турумунун стратегиясы. 1-класстын окуучусу жана балдар жамааты. 1-класстын окуучусун мугалим менен мамилелери.

**2-тема. Кенже мектеп жашындагы инсанды калыптандыруу.**

Ата-энелер менен кенже мектеп курагындагы баланын жеке инсандык өзгөчөлүктөрүнүн калыптануусу. Кенже мектептик курак – инсандын жеке менчик укуктары менен ийгиликке жетүү үчүн бышыктоочу убакыт. Өзүн-өзү таануу жөндөмүн көзөмөлдөө жана жөнгө салууну күчөтүү. Балада өзүн-өзү баалоону калыптандыруу. Кенже мектеп жашында инсандык эмгекти сүйүү сапатын калыптандыруу жана жөнгө салуу шарттары. Баланын өз алдынчалуулугунун өнүгүүсү. Мектепке барган күндөн тарта баланын чөйрөдөгүлөргө болгон өз ара мамилесинин өзгөрүшү. Башкалар менен мамилелешүүдө баланын ички абалынын мазмуну, башка адамдар менен болгон өз ара мамилеси, өзгөрүп жаткан дүйнөнү сезүү. Баланын эмоционалдуу жан дүйнөсүнө теңтуштарынын мамилелешүү мүнөзү көз каранды. Үй-бүлө тарбиясындагы өксүктөрдүн билине башташы. Бала – мектепте жана үйдө. Бул жаштагы баланын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруудагы ата-эненин ролу.

**3-тема. 1-класстын окуучуларынын мектепке ыңгайлашуу кыйынчылыктарын чечүүнүн жолдору.**

Алгачкы окуу жылында балдардын мектепке көнүү мезгили, кыйынчылыктары менен ата-энелерди тааныштыруу, аларды жоюу боюнча практикалык сунуштар. 1-класстардын мектепке көнүүсүнүн психологиялык кыйынчылыктары. Ылайыкташуу мезгилдин негизги көйгөйлөрү: жаңы жөндөмдүүлүктүн кошулушу, жаңы мамиленин системасына чыгуу, көнө албаган күн тартибине жана ишке көнүү, жаңы милдеттердин пайда болушу. Мектепке ылайыкташуу мезгилиндеги кыйынчылыктарды жеңүү.

**4-тема. 1-класстын окуучусунун сергек жашоонун мүнөзүн өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун таасири.**

Балага сергек жашоонун мүнөзүн уюштуруу боюнча сунуш киргизүү. «Сергек жашоонун мүнөзү» деген түшүнүктү аныктоо жана анын баланы өнүктүрүүдө жана тарбиялоодо тийгизген таасири. Сергек жашоонун мүнөзү: түшүнүк, структуралык компоненттер. 1-класста сергек жашоонун мүнөзү боюнча тарбиялоонун маанилүүлүгү. Окуучунун өз алдынча иши жана окуу процессинин рационалдуу уюшулбагандыгы. Ата-энелерге балдардын ден соолугун сактоо боюнча педагогикалык-психологиялык сунуштар.

**5-тема. Кенже мектеп окуучусунун негизги ишмердүүлүгүнүн түрү. Ата-энелер окууда балага кантип жардам берүүсү керек.**

Балдардын окуудагы көйгөйлөрүн белгилөө, окуу ишин уюштуруу боюнча балага жардам берүүгө сунуш. Бала окуучу болуп, окуу ишмердүүлүгүндө катышуучу, чоң чыңалууну, эркти, күчтү, интеллектти талап кылуучу жаны социалдык позицияга ээ болот. Ата-энелердин жардам берүү максатындагы жалпы стратегиялык жүрүм-туруму баланын окуусунда бир канча ийгилик жаратат. Баланын окуусунда ата-энелердин мотивациясынын таасири өтө чоң. Эмне үчүн биринчи этапта окуучунун окуусун ийгиликтүү камсыз кылуу маанилүү. Үй тапшырмасын даярдоодо балага жардам көрсөтүү боюнча практикалык сунуштар. Үй шартында баланын таанып билүүчү кызыкчылыктарын колдоо үчүн ата-энелерге кеңештер. Бала тарбиялоодогу атанын наркы. Бала тарбиялоодогу эненин наркы.

**6-тема. Кенже мектеп окуучусунун жашоосундагы оюн жана эмгек.**

Кенже мектеп жашындагы баланын оюн жана эмгек ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча сунуш киргизүү. Кенже мектеп окуучусунун жашоосундагы эмгектин мааниси. Кенже мектеп окуучусунун жашоосунда

оюндун мааниси. Кенже мектеп окуучусу үчүн оюн ишмердүүлүгүнүн мүмкүнчүлүктөрү. Балдардын интеллектуалдык жана ишкердик жөндөмдүүлүгүнүн сапаттары. Таймаштык жана конструктордук оюндардын таралышы, пайда болушу. Балдар үчүн спорттук оюндардын өнүгүүсүнүн мааниси. Оюн бул балдардын жана чоңдордун жашоосундагы биргелешкен идеалдуу формасы. Оюн – баланын жашоосундагы баштапкы жана продуктивдүү чыгармачыл мүмкүнчүлүктүн пайда болуусуна, жашоосундагы өз ролун түзүүгө көмөк берет. Баланы эмгекке үйрөтүү. Эмгек ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн түрлөрү. Бала үчүн үйдө жана мектепте эмгекти уюштуруу. Эмгек демилгелик, өз алдынча жана чыгармачылык иш. Бала үчүн эмгектин зарылдыгы жана аны стимулдаштыруунун ыкмалары. Кыргыз эл наркында эмгекке үйрөтүү салттары жана алардын азыркы учурда колдонулушу. Эмгек алдыңкылары менен жолугушуп алардын нарктуу насааттарын угуу.

**7-тема. Кенже мектеп окуучусунун жүрүм-турумунун маданияты жана тарбиянын таанып-билүүчүлүк адаттары.**

Балдарды тарбиялоо боюнча адеп ахлактык адаттар жана жүрүм-турум маданияты боюнча ата-энелерге практикалык сунуштар. 7-8 жаштагы курак – бул моралдык ченемдерди өздөштүрүү үчүн ыңгайлуу мезгил. Кенже мектеп окуучусунун психологиялык даярдыгы эрежелерди жана аларды аткаруу, түшүнүүнүн ченемдери. Таанып-билүүчүлүк жана жөндөмдөр алардын тарбиясында. Баланын жүрүм-турум маданияты жана аны тарбиялоонун жолдору. Ата-энелердин оң сапаттары. Балдарга чоңдор тарабынан коюлган ченемдерди, эрежелерди, тыюу салууларды өздөштүрүүгө кантип жардам берүү керек. «Өзүңдү өзүң тааный бил» кыймылын уюштуруу. Элдик тарбиялык нарктар: адектүүлүк, кичипейилдик, ийкемдүүлүк, улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо, карыларга жардам берүү ж.б.

**8-тема. Балдардын кенже мектеп жашында бир нерсе менен алек болуусу.**

1-класстардын эмне менен алек болуу мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмүн жаш өзгөчөлүктөрү боюнча калыптандырууну ата-энелер жамаатына тааныштыруу. Кенже мектеп курагы – баланын чыгармачылык өнүгүүсү, жөндөмүн жана мүмкүнчүлүктөрүн таанып билүү үчүн эң жагымдуу мезгил. Кенже мектеп окуучусунун дүйнө кызыкчылыктары жана алек болуусу. Кенже мектеп окуучусунун дүйнөнү таанып билүү ишмердүүлүгү. Ишмердүүлүк чоңдор (ата-энелер) аркылуу берилген. Ата-энелердин жүрүм-турум эрежелери: баланын тиешелүү мүмкүнчүлүгүнө жараша шарттарды түзүү, талапка жооп бериши, айланадагылардын жүрүм-турумун көчүрмөлөө,

баланын умтулууларын чектебөө. Улуу адамдар менен аңгемелешүүлөрү уюштуруп, алардын нактуу сапаттарын кабыл алуу жолдору.

**9-тема. Баланын китеп окуусун уюштуруу формалары.**

Ээрчишип окуу (ата-эне окуган сүйлөмдү ээрчип окуу); Укканынын окуу (адегенде, окуяны айтып берип, анан окуу); Таржымалап окуу (окуганды таржымалап окуу); Даярданып окуу (эмне окуу керектиги тууралуу алдын ала даярданып окуу); Бөлүктөргө бөлүп окуу (китептин окуясын бөлүп-бөлүп окуу); Үзүп алып окуу (керектүү бөлүктү үзүп алып окуу); Улантып окуу (ата-эненин окуганын бала улантып окуу); «Кабарлашып» окуу (өз ара китептеги окуя тууралуу талкуулашып окуу); Кубалашып окуу (Ата-эне менен бала окуяны биринин артына бири кубалашып окуу); Ролдошуп окуу (образдарды ролдошуп окуу); Башкарып окуу (Ата-эне окууну башкарып жүргүзөт).

**10-тема. Мына биз бир жылга чоңойдук.**

Ата-энелерди балдардын жетишкендиктери – 1-класстын бүтүрүүчүлөрү менен тааныштыруу. «Алиппе майрамы» же башка 1-классты бүтүрүү кечелери.

## 2-КЛАСС

**1-тема. Балдары 2-класска барган ата-энелер эмнелерди билүүсү керек.**

Ата-энелерди балдардагы өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу. Ушул курактагы балдарды тарбиялоо боюнча практикалык сунуштарды берүү. Окуу процессинин аң сезимдүүлүгү. Ушул курактагы балдарды окутуудагы шыктандыруунун өзгөчөлүктөрү. Мугалимге жана курбуларына мамиленин ишенимдүүлүгү. Окуучулардын ушул курактагы жаңыдан пайда болуп жаткан рефлексиясы. Ички жана сырткы өзүн-өзү башкаруу жөндөмдүүлүгүнүн калыптануусу. 2-класстын окуучулары менен иш алып баруудагы, мамиле жасоодогу, тарбиялоодогу кыйынчылыктар жана бул проблемаларды чечүүнүн жолдору.

**2-тема. Кенже мектеп жашындагы балдардын жекелик өзгөчөлүктөрү.**

Балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана өрчүтүү боюнча ата-энелерге сунуштарды берүү. Баланын ички дүйнөсү. Кенже мектеп жашындагы балдардын мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү. Балага жана анын

өзгөчөлүктөрүнө жекече мамиле жасоо. Балдардын талантын өрчүтүү жана жетишпеген жактарын толуктоо. Баланын жөндөмдүүлүгү жана аны өрчүтүү жолдору. Ата-энелер жана мугалим тарабынан баланын жекече сапаттарын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү.

**3-тема. Инсандын калыптануусундагы балалыктын орду. Бала – баланын субъекти.**

Баланын инсан катарында калыптануусундагы балалыктын мааниси жана орду. Балалыктагы өзүн-өзү сыйлоо сезими. Инсандын үч топтогу негизги касиеттери бала чакта калыптанат: стилдик, инструменталдык жана мотивациялык. Аталган үч топтогу сапаттардын пайда болуу ырааты инсандын өнүгүүсүндөгү негизги мезгилдер менен байланыштуу. Баланын өнүгүүсүндөгү таанып-билүүчүлүк жана инсандык өнүгүүсүнүн дал келбөөчүлүгү. Инсандын калыптануусунда мектептик курак эң маанилүү болуп саналат. Бала чактагы баланын инсандык өнүгүүсүнүн эң негизги максаты – туруктуу адептик бөлүктүн калыптануусу, өз алдынчалуулукка ээ болуу, көз карандылуулук жана ички эркиндик. Азыркы коомдо инсандын өнүгүүсүнүн мүмкүн болгон жолдору. Балада агрессивдүүлүктү калыптандыруудагы коркунуч. Бала чактагы окуялар. Балдарды элдик педагогикалык нарк-нускалар менен тарбиялоонун мүмкүнчүлүктөрү.

**4-тема. Кенже класстын окуучусунун өзүн-өзү баалоосу.**

Ата-энелерге балдардагы адекваттуу өзүн-өзү баалоосун калыптандыруу жолун үйрөтүү. Окуучулардын дооматтары, өзүн-өзү баалоосу жана адекваттуу баалоонун кесепеттери. Адекваттуу эмес өзүн-өзү калыптандыруу себептери: Тарбиялоонун коомчулук стили, кежирликти жоюу, объективдүү мактоо, баланын көйгөйлөрүнө кайдыгер мамиле жасоо, баланын ийгиликтерине кош көңүл мамиле кылуу жана башкалар.

**5-тема. Кенже класстын окуучулары менен ата-энелердин ортосундагы мамиле.**

Балага ишеним менен мамиле жасоонун маанилүү экендигине ата-энелердин көңүлүн буруу. Бала менен мамиле жасоого сунуштарды берүү. Балдардын өнүгүүсүндө ата-энелер менен болгон байланыштын мааниси, балдар менен ата-энелердин бири-бирине тийгизген таасири. Ата-эне менен баланын ортосундагы мамилелердин типтери: чыгармачылык, кызматташтык, приоритеттик, көз карандысыздык, конфликтик, авторитардык. Үй-бүлөдөгү мамилелердин стилине ата-энелердин жоопкерчилиги. Ата-энелердин позициясы. Үй-бүлөдөгү ишенимдүүлүк мамиле. Бала менен турмуш-

тиричилик көйгөйлөрүн талкуулоо. Бала менен ата-эне ортосундагы күндөлүк жана жетиштүү мамиле. Мамиле жасоонун максаты: окуу иш-аракетти талкуулоо, маалымат бөлүшүү, иш-аракетти стимулдаштыруу, баланын активдүүлүгүн жана кызыкчылыгын жогору баалоо, сыналгыдагы көрсөтүүлөрдү талкуулоо. Ата-энелердин бала менен болгон мамилесинин эрежелери. Баланын улуулар менен тилдик байланышуу жетишпестиги жана анын кесепеттери. Үй-бүлөдөгү чоң ата-чоң эненин, таята-таяненен орду. Үй-бүлө тарбиясындагы атанын ролу. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү ата тарбиясы. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эне тарбиясы. Ата-эне тарбиясынын биримдиги. Мигранттардын балдарын тарбиялоо өзгөчөлүктөрү.

**6-тема. Кенже мектеп курагындагы баланы коллективдүүлүккө тарбиялоо.**

Кенже мектеп окуучусуна коллективдин ролун аныктап берүү. Баланы теңтуш коллективге кошуу боюнча сунуштама берүү. Кенже мектеп окуучусунун инсандык өнүгүүсү жана коллектив. Мамиле түзүүнүн мазмуну жана баланын мамиле сферасынын кеңейүүсү. Баланы адамдык мамилелердин татаал системасына тартуу. Мамиленин тереңдеши жана балдардын жеке кызыкчылыктарынын негизинде официалдуу эмес түзүмдөрүнүн башталышы. Мектеп окуучусунун инсандыгына реалдуу коллективдин эки жактуу таасири. Кенже мектеп инсандыгына коллективдин он таасирин күчөтүү жана терс таасирлерди жоюу жолдору. Уялчаак, түнт балдар. Балдарды жамаатка аралаштырууда үй-бүлөлүк тарбиянын таасири. Ынтымакка, жамаатташтырууга чакырган элдик жомоктор менен тааныштыруунун мааниси.

**7-тема. Дени сак муунду тарбиялоодо үй-бүлөнүн жана мектептин ролу.**

Баланын дени сак болуусуна багытталган маалыматтарды, дени сак баланы тарбиялоо боюнча сунуштарды берүү. Кенже мектеп окуучусунун физикалык жана психикалык ден соолугу. Дени сак муунду тарбиялоодо үй-бүлөнүн жана мектептин ролу. Мектеп окуучуларынын физикалык ден соолугун сактоо факторлору: жашоо-шарты, эмгек жана эс алуу режимин сактоо, айкалыштыруу, иммундук системаны бекемдөө, зыяндуу адаттарды жок кылуу, туура тамактануу жана башкалар. Кенже мектеп окуучусунда психикалык ден соолуктун бузулуу себептери: коркунуч, өтө катуу чарчоо, ашыкча иштөө. Психикалык ден соолукту сактоо жолдору: физикалык көнүгүүлөр, искусствонун ар түрдүү түрлөрү менен алек болуу, сейилдөө жана

башкалар. Психикалык ден соолукту сактоо эрежелери. Ден соолукка аяр мамиле жасоо идеясы. Кыргыз эл педагогикасында сергек жашоо наркы.

**8-тема. Балдардагы агрессивдүүлүк жана анын себептери.**

Балдардын агрессиясынын себептерин ата-энелер менен биргеликте талкуулоо, анын баланын жүрүм-турумуна таасир этүүсү, ата-энелерде балдардын агрессиясын түшүнүүнү калыптандыруу жана аны жоюунун жолдору. Агрессия түшүнүгү жана ага мүнөздүү сапаттар. Агрессиянын түрлөрү: инструменталдык агрессия – белгилүү бир максатка жетүүнүн каражаты катарында; кастык агрессиясы – адамга залал келтирүүнүн жолу. Агрессиянын кырдаалдык жана туруктуу формалары. Жаш балдардагы агрессиянын себептери. Ар бир нерсенин орду жана кастык балдардагы агрессиянын калыптануусундагы позитивдик жана негативдик фактору катарында. Ата-энелердин өзүнө жана балдарга жасаган аң- сезимдүү талабы- балдардын агрессивдүү жүрүм-турумун жоюунун эң негизги шарттарынын бири. Балдар агрессиясынын профилактикасы жана аны коррекциялоо боюнча ата-энелерге сунуштар: жомок-терапиясы, психикалык оюндар, режиссердук оюндар жана башкалар.

**9-тема. Кенже мектеп окуучусунун тиричилик аракетин уюштуруудагы үй-бүлөлүк салттар.**

Үй-бүлөлүк салттарды калыптандырууда практикалык сунуштарды берүү. Мектеп жашындагы балдардын инсан катарында калыптануусунда үй-бүлөлүк салттардын ролу. Үй-бүлөлүк тарбиянын улуттук салттары. Үй-бүлөлүк майрамдар жана алардын балага тийгизген таасири. Үй-бүлөлүк этикет. Үй-бүлөлүк салттарды калыптандыруу жана сактоо. Үй-бүлөлүк салттарды презентациялоо. Элдик тарбиялык тажрыйбаларды ата-энелердин колдонуу технологиялары.

**10-тема. Мына, дагы бир жашка чоңойдук.**

Үй-бүлөдөгү каада-салттын маанисин жана ордун баланын жашоосунда белгилөө. Үй-бүлөлүк каада-салттын түзүлүшүнө практикалык жактан кеңеш берүү. Башталгыч класстын балдарынын «инсан» болуп чоңоюшуна үй-бүлөлүк каада-салттын ролу. Үй-бүлөлүк тарбиянын улуттук каада-салттары. Үй-бүлөдөгү  майрамдар жана анын балага берген таасири. Үй-бүлөлүк этикет. Үй-бүлөлүк каада салттардын түзүлүшү жана сакталышы. Үй-бүлөлүк каада-салттардын презентациясы (бет ачары).

# 3-КЛАСС

**1-тема. Эгерде бала 3-класска барса ата-эне эмне билүү керек?**

Ата-энелерди 3-класстардын окуучуларынын өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүшү менен тааныштыруу. Бул курактагы балдардын психикалык өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүшү, окуучунун көңүл буруусунун ылдамдыгы, көңүл буруунун туруктуулугу жана топтолуусу, сөздүк жана логикалык ойлонуунун өнүгүшү, үч түрдүү планда тапшырма аткаруунун жөндөмдүүлүгү: образдык, сөздүк логикалык (вербалдык); өзүн-өзү башкаруу жөндөмдүүлүгү жана сырткы – өзүнүн ачык жүрүм-туруму, жана ички – өзүнүн психикалык процесстери жана сезимдери. Ата-эне, мугалим, классташтары менен болгон мамиленин оорлошу.

**2-тема. Жаш курактагы окуучунун аң-сезими жана инсандык образы.**

Жаш окуучулардын аң-сезиминин, «Мен» деген образынын түзүлүшүнүн жолдорун ата-энелерге сунуш кылуу. Башталгыч класстын окуучуларынын эң биринчи муктаждыгы бул окуучу болуу (окуучу болуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүү, ийгиликтүү окуучу болууга максат кылуу, өзүн окуучу катары таанууга багыт алуу) биринчиден мугалим менен, кийин курбулары менен. Өзүн-өзү билүү, «Мен» - образы, анын дүйнөгө жана адамдарга болгон мамилеси. Адептүүлүктүн өнүгүүсү күнүмдүк тажрыйбанын жыйынтыгы. Жүрүм-турум этикасын өздөштүрүү жолдору. Баланын жоопкерчиликтүү болуу жөндөмдүүлүгү.

**3-тема. Биздин балдардын сырдуу дүйнөсү, же бала жана көчө.**

Курбулардын ролун аныктоо. Башталгыч класстарда баланын инсандык өнүгүүсүндө досторунун салымы. Ата-энелерге баланын достору менен мамиле түзүүдөгү сунуштарды берүү. Башталгыч класстагы баланын жашоосунда достордун, достошуунун, мааниси. Баланын достукту кабыл алуусунун жаш өзгөчөлүктөрү. Баланын топтогу орду жана өзүн баамдоо. Жамааттагы белгилүү жана белгисиз балдар. Баланын ыңгайлуулугу жана ыңгайсыздыгы. Башталгыч класстагы балага канааттандырарлык жана канааттандырарлык эмес (б.а. оң жана терс) таасири. Баланын жалгыздыгы. Баланын дос тандоосундагы кыйынчылыктары. Ата-эненин жүрүм-турум нарктары: адептүүлүк, чынчылдык, адемгерчилик.

**4-тема. Үй-бүлөдөгү тарбиялоонун ыкмалары. Үй-бүлөдөгү жазалоо жана мактоо: жакшы жана жаман жактары.**

Үй-бүлөдө баланы тарбиялоодо оптималдуу ыкмаларды тандоо. Тарбиялоо ыкмаларын классификациялоо: ынандыруу ыкмасы, жүрүм-турумдагы туруктуу ыкмасы (көнүгүү ыкмасы); инсандын сезимтал жана эрктүү болуп өзүн-өзү тарбиялоо ыкмасы (дем берүү ыкмасы). Мактоо ыкмасы. Жазалоо ыкмалары. Үй-бүлөдө тарбиялоодо оптималдуу ыкманы кантип тандоо керек. Ата-энелердин үй-бүлөдөгү тарбиялоо ыкмаларын биргеликте тандоосу. Ата-энелердин үй-бүлөдөгү тарбиялоо ыкмаларын тандоодогу макулдугу. Балага нарктуу адамдарды үлгү көрсөтүү ыкмасы.

**5-тема. Эзелтеден бери келе жаткан үй-бүлөлүк тарбиялоодо баары кетирген каталар.**

Үй-бүлөлүк тарбиялоодо кетирген каталарды таанып-билүү алардын алдын алуу жана жоготуу жолдорун сунуштоо. Үй-бүлөлүк тарбиялоодогу катачылыктар: башка жакшы көрбөө жөнүндө сөз берүү, эркелетүүнүн жетишсиздиги, ашыкча катуу болуу; принциптер; «баланы эркелетпөө керек», «Көп акча – жакшы тарбия», арттырылган роль, сиздин маанайыңыз, баланы тарбиялоого болгон убакыттын аздыгы жана алардын үй-бүлөлүк тарбиялоодогу катачылыктарды жоюу.

**6-тема. Үй-бүлөлүк убакыт: оюндар, майрамдар, окуу.**

Ата-энелерди үй-бүлөлүк убакытты уюштуруудагы формалар менен тааныштыруу. «Үй-бүлөлүк убакыт» түшүнүгү. Башталгыч класстагы баланын инсандык өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүүдөгү биргеликте убакыт өткөрүүнүн мааниси. Үй-бүлөлүк убакытты уюштуруудагы ыкма-оюн: стол үстүндөгү, спорттук ж.б. оюндар. Үй-бүлөлүк оюндарды уюштуруудагы жана үй-бүлөлүк салттарды сактоо ыкмасы. Үй-бүлөлүк окуу жана аны уюштуруу. Ата-энелердин балдары менен бирге өткөрүү убактысы. Элдик майрамдарга (айт, нооруз) жана улуттук салттарга (жентек той, сүннөт той ж.б.) чыгуу, катышуу.

**7-тема. Балдардын коркунучтары жана аларды жеңип алуу жолдору.**

Башталгыч класстагы балдардын коркуу себептерин таанып билүү, аларды жеңип өтүү жолдорун сунуштоо. Башталгыч класстагы балдардын коркуу объекттери. Баланын коркунучу жана тарбиялоо өзгөчөлүгү. Балдардын коркууну жеңип өтүү ыкмасы.

**8-тема. Баланы жазасыз тарбияла.**

Жазаланган балдарда кездеше турган кемчиликтердин себептери. Баланы жазалоочу ата-энелердин актануууларына талдоо жасоо аркылуу аларды кыйнаган суроолорго жооп.

**9-тема. Балаңды тарбиялаба, өзүңдү тарбияла.**

Бала тарбиясы түшүнүгүн туура калыптандыруу. Бала тарбиясындагы ата-эненин, чоң ата-чоң эненин ролу. Бала тарбиясындагы тарбиячынын, мугалимдин ролу. Бала көргөнүн жасайт. Ата-эненин түрлөрү: күчтүү ата-эне, өзүмчүл ата-эне, мактанчаак ата-эне, убайымчыл ата-эне, тергөөчү ата-эне.

**10-тема. Бир жылга чоңойдук.**

Ата-энелерди балдардын жетишкендиктери менен тааныштыруу (3-класстын бүтүрүүчүлөрү). Тематикалык, жеке жана тайпада баарлашуу ата-энелердин өтүнүчү боюнча же көйгөйлөр бар болсо гана жүргүзүлөт. Ата-энелер атайын чакыруу менен тематикалык баарлашууга катыша алат. Тематикалык баарлашууга көйгөйдү чечүү жолдорун билген атайын эксперттер катышат. Ата-энелер баарлашуудан кийин, аларды тынчсыздантkan көйгөйлөргө жооп алып кайтышы керек. Баарлашууга даярданууда кылдаттык менен баланын досторун, мугалимдерди, баланын өзү менен көйгөй тууралуу сурап алуу керек. Талкууга коюлган маселени ар түрдүү көз караш менен карап чыгуу керек: баланын, ата-эненин, мугалимдин, айлана-чөйрөдөгүлөрдүн. Талкуу учурунда ата-энелер менен балдарды салыштыруу мүмкүн эмес, пикир алмашуу достук маанайда өтүшү маанилүү.

## 4-КЛАСС

**1-тема. Баласы 4-класска барган ата-эне эмнени билиш керек?**

4-класста окуган окуучулардын өзгөчөлүктөрү менен ата-энелерди тааныштыруу; ата-энелердин жүрүм-турумунун стратегиясын аныктоо. Баланын психикалык процесстерин интелектуалдаштыруу жана өндүрүмдүүлүгүн көтөрүү. Билимге өздүк шыктандырууну калыптандыруу менен адекватуу өзүн-өзү баалоо, өзүнүн окуу ишмердүүлүгүнүн өзгөрүлүшүн түшүнүп билүү. Ата-энелерден көз каранды эместигин түшүнүү. Бирге окуган балдарга караганда чоң адамдар менен сүйлөшүүнү артык көрүшөт. Баланын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү жана дүйнөгө болгон мамилесин түшүнүп билүү. Ата-энелерден көз каранды эместигин түшүнүү. Баланын

эмоционалдык абалына таасир эте турган факторлор: сабактагы ийгиликтери, мугалимдер менен болгон мамилеси, теңтуштарынын өз ара класстагы ишкердик жана жеке мамилелери, өз жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруу даражасынын системадагы орду. Социалдык карым-катнаштын жаңы башталышы: балдар чоңдордун дүйнөсүн баалап жана анын эрежелерин өспүрүмдүрдүн дүйнөсүнө которот. Балдардын организминдеги физиологиялык өзгөрүүлөрүнө жана алардын дүйнөгө, өзүнө кабыл алуусуна таасир берет. Ата-энелердин милдети: балдардын ички дүйнөсүндөгү байланышты сактоо, алар менен дос жана насаатчы болуу.

**2-тема. Башталгыч класстарда окуган окуучулардын бош убактысын уюштуруу.**

Балдардын бош убактысын жана ата-энелер менен бирге эс алуусун уюштуруу жана башка жолдорун анализдөө. Маанилүү ишмердүүлүгүн, максаттуу убактысын үнөмдөөнүн жолдорун уюштуруу, күн тартибин так аткаруу. Маалымат берүүчү оюндарды түзүү, балага убакытты максаттуу жана пайдалуу өткөргөнгө багыт берүү. Балдарга максатуу жана пайдалуу оюндарды жана сабактарды туура тандоого дем берүү. Бала өзү жакшы көргөн сабагына кызыгууга дем берүү, сыналгыны жана башка техникаларды пайдалуу колдонуу. Ата-эне менен баланын чогуу дем алуусунун формалары: биргелешкен интелектуалдык чыгармачылык менен эмгектенүү, спорттук ишмердүүлүк, биргелештирилген кыймылдуу жана ролдоштурулган оюндар.

**3-тема. Сыналгы жардамчыбы же душманбы?**

Өспүрүм балдарга сыналгынын позитивдүү жана негативдүү таасир берүүсү. Башталгыч класста окуган окуучулардын тарбиясына сыналгынын таасири. Балдарга сыналгыдан берилген телекөрсөтүүлөрдү көрүүгө туура тандоого багыт берүү. Балдар менен чогуу сыналгы көрүү жана аны талкуулоо, балдарды жакшы тарбиялаганга жана аны менен тыгыз байланышта болууга көмөк берет.

**4-тема. Баланын достору менен болгон мамилеси.**

Баланын жашоосуна жамааттын ролу жөнүндө түшүнүк берүү. Баланын жамааты жана анын маанилүүлүгү. Баланын жамаатта өзүн-өзү сезүүсү: кыз, бала. Баланын өзүн-өзү таануусу жана өз алдынчалуулугун ишке ашыруусу зарыл. Лидерликтеги кыйынчылыктар менен болгон мамилесин оңдоого кантип жардам берүү керек (Баланын курбулары менен болгон мамилесине көз салуу. Бала менен курбуларына биргелешкен оюндарды уюштуруу.

Баланы тарбиялоодо болгон көйгөйлүү суроолорду мугалим менен талкуулоо). Манас менен Алмамбеттин, Курманбек менен Аккандын достугу.

**5-тема. Башталгыч класстын окуучусу менен чоңдордун диалогу дүйнө таануу жөндөмдүүлүгүнө жана өзүн-өзү түшүнүүгө алып келет.**

Башталгыч класстагы окуучу менен диалог уюштурууну ата-энелер жамаатына сунуш кылуу. Үй-бүлөдөгү педагогикалык диалог. Диалог жана маектешүү баланын ой жүгүртүүсүн, дүйнөнү, адамдарды түшүнүүгө жана өзүн-өзү түшүнүүгө алып келет.

**6-тема. Балдардын окуу үчүн өз алдынчалыгын өнүктүрүүнүн маанилүүлүгү.**

Балдардын өз алдынчалыгын баалоого өнүктүрүү. Балдарды өз алдынчалуулукка өнүктүрүү боюнча ата-энелерге сунуштарды берүү. Баланын өз алдынчалык инсандык сапаты. Өз алдынчалуулуктун критерийлери жана көрсөткүчтөрү. Кенже курактагы балдарды тарбиялоодо өз алдынчалуулугуна ишеним көрсөтүү же көрсөтпөө учурунда келип чыккан оптималдуу чечимдин терс таасири. Бул курактагы балдардын өз алдынчалыгын тарбиялоонун жолдору, ыкмалары, каражаттары, жаматтык формаларын уюштурууда машыгууларды пайдалануу жана балдарды эмгекке болгон өз алдынчалуулугун өнүктүрүү.

**7-тема. Бала менен ата-эненин ортосундагы алтын көпүрө.**

Эмне үчүн кээ бир ата-энелер баласына өз сүйүүсүн көрсөтө албайт? Баланы чын дилден жакшы көрүү. Балага сүйүүнү сездирүүнүн жолдору. Бала менен пайдалуу убакыт өткөрүү. Ата-эненин балага мурасы. Бала тарбиясындагы эң кымбат бир мүнөт. Баланы угуу. Бала өрнөк туткан нарктуу инсандар.

**8-тема. Баланын бактылуу болуусу ата-энеге көз каранды.**

Бала бактылуубу? Баланын өзүн күнөөлүү сезүүсү. Балага жакшы көңүл буруунун 2 шарты. Эрке бала. Тартиптүү бала. Бала эмне үчүн калп айтат. Жалганчы ата-энеден жалганчы бала тарбияланат.

**9-тема. Бала тарбиялоодогу жазалоо түшүнүгүнө ата-энелердин көз караштары.**

Жазаланган балдарда кездеше турган кемчиликтердин себептери. Баланы жазалоочу ата-энелердин актанууларына талдоо жасоо аркылуу аларды кыйнаган суроолорго жооп. Кыргыз эл педагогикасында эркек балдарды

тарбиялоо өзгөчөлүктөрү. Кыргыз эл педагогикасында кыз балдарды тарбиялоо өзгөчөлүктөрү.

**10-тема. «Кош бол, башталгыч класс»**

Башталгыч класста окутуунун жыйынтыктарын чыгаруу. Өткөрүүнүн түрү: окуучулар жана ата-энелер менен биргелешип жүргүзүлгөн оозеки журналы, методикалык көрсөтмөлөр. Ата-энелер менен жылына бир жолу өткөрүлгөн үй-бүлөлүк тажрыйбаны презентациялоо, жетишкен үй-бүлөдөгү балдарды тарбиялоодогу тажрыйбасы сунушталат. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен иштөөчү «Аялуу үй-бүлө» кыймылына катышуу мүмкүнчүлүктөрү.

# НЕГИЗГИ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ

## 5-КЛАСС

**1-тема. Балдардын куррактык өзгөчөлүктөрү.**

Ата-энелерди 11-12-жаштагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу. Ата-энелердин балдардын өзүн-өзү таанууда «Мен» образынын калыптануусуна тийгизген таасири. 11-15 жаштагы балдардын психологиялык-физиологиялык өзгөчөлүктөрү. 11-15 жашта баалуулуктарды баалоону калыптандыруу. Өспүрүмдөрдүн өз ара баарлашуу өзгөчөлүктөрү. Коомдук иштерге катышуу. Өспүрүмдөрдүн «Мен» образынын калыптанышы. Кыргыз элдик психологиясындагы «Мен» жана «Биз» түшүнүгү.

**2-тема. Бала тарбиялоодо ата-энелердин өрнөк болушу.**

Бала тарбиясы түшүнүгүн туура калыптандыруу. Бала тарбиясындагы ата-эненин, чоң ата-чоң эненин ролу. Бала тарбиясындагы тарбиячынын, мугалимдин ролу. Бала көргөнүн жасайт. Ата-эненин түрлөрү: күчтүү ата-эне, өзүмчүл ата-эне, мактанчаак ата-эне, убайымчыл ата-эне, тергөөчү ата-эне. Элдик тарбиялык нактар. Бала тарбиялоодогу кыргыздык өзгөчөлүктөр жана аларды азыркы учурда пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү.

**3-тема. Окуучунун эс тутумун жана көңүл бурuусун өнүктүрүү.**

Ата-энелерди өспүрүмдүн көңүл буруусун өнүктүрүүдөгү көйгөй менен тааныштыруу. Эс тутумдун негизги тартибин кароо. Көңүл буруунун табияты. Көңүл буруунун негизги милдеттери. Көңүл буруунун касиеттери: көлөмү, көңүл коюу, туруктуулук, термелүү. Окуучунун көңүл буруусун жакшыртууга зарыл болгон шарттарды түзүү. Эске тутуунун түрлөрү. Кыска мөөнөттүү, узак мөөнөттүү, ыкчам жана орто эске тутуу. Унутуу деген эмне. Эске тутуу жагдайлары.

**4-тема. Баланын темпераментинин өзгөчөлүктөрү.**

Ата-энелер менен баланын темпераментинин өзгөчөлүктөрүн талкулоо. Класстагы окуучулардын темпераментин карап чыгуу. Темперамент адам баласынын табигый өзгөчөлүктөрүн катары. Темпераменттин түрлөрү: холерик, сангвиник, флегматик, меланхолик. Темпераменттин окууда жана эмгектеги ролу. Темпераменттин жумуштун талаптарына ылайыкташуу.

**5-тема. Жүрүм-турумду шыктандыруунун себептери.**

Ата-энелер менен өспүрүмдөрдү шыктандыруу көйгөйү менен тааныштыруу. Шыктандыруунун баланын окууга жетүшүүсүнө тийгизген таасирин карап чыгуу. Талаптар жана аны канаатандыруу. Жүрүм-турум өспүрүмдүн дүйнөсү. Негизги керектөөлөрүн канааттандыруу даражасын диагноздоо.

**6-тема. Өспүрүмдүн өзүн-өзү таануусун калыптандыруу.**

Ата-энелерди окуучунун өзүн-өзү таануу өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу. Окуучунун өзүн-өзү таануусуна үй-бүлөнүн тийгизген таасири. Сезим жана анын касиеттери: мамиле түзүү, кабатыр болуу жана билимге умтулуу. Сезим жана коомдук байланыштар. Өзүн-өзү таануу адамдын акыл-эстин туу чокусу катары. Өзүн-өзү таануунун кадамдары.

**7-тема. Баланын үй-бүлөдөгү коомдошуусу.**

Ата-энелерге өспүрүмдүн үй-бүлөдөгү коомдошуусу тууралуу маалымат берүү. Өспүрүм-окуучунун коомдошуу өзгөчөлүктөрүнө ата-эненин тийгизген таасирин талкуулоо. Инсанды коомдоштуруудагы үй-бүлөнүн негизги себептери. Үй-бүлөдөгү коомдоштурууну башкаруу. Ата-эненин жүрүм-турумунун балага тийгизген таасири. Өспүрүм-окуучуну туура эмес тарбиялоонун түрлөрү. Ата-энелер менен балдардын ортосундагы мамиленин начарлашы. «Нарктуу чоң ата», «Нарктуу чоң эне», «Нарктуу аксакалдар» түшүнүктөрү – элдик тарбиянын көөнөргүс салттары.

**8-тема. Азыркы өспүрүмдөрдүн баалуулуктары.**

Үй-бүлөнүн баалуулуктары жөнүндөгү көйгөйдү талкуулоо. Баалуулуктарды калыптандырууда үй-бүлөнүн ролу. «Үй-бүлө», «баалуулуктар», «үй-бүлөнүн баалуулуктары» деген түшүнүктөрдүн мааниси. Үй-бүлөнүн экономикалык жана сезимталдык милдети. Үй-бүлөлүк ролдорду жекелештирүү. Так жана күчтүү салттарга карай системаны өзгөртүү. Адеп-ахлактык баарлашууда атанын аброю. Ата-эне менен балдардын ортосундагы бири-бирин түшүнүү баалуулуктары. Үй-бүлөдөгү патриархалдык жана либералдык баалуулуктар. Үй-бүлөлүн руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктары жана анын баланын өнүгүүсүнө тийгизген таасири. «Көчө тарбиясы»: анын оң жана терс жактары.

**9-тема. Дени сак бала – дени сак коом.**

Дени сак баланы калыптандырууда үй-бүлөнүн маанилүүлүгү. Акыл-эс жана руханий ден соолук түшүнүгү, жана алардын байланышы. Баланын дене

бой жана психикалык саламаттыктын бир себеби болуп үй-бүлөдөгү жашоо шарты саналат. Сыналгыдагы жана үналгыдагы терс маалыматтардын баланын ден соолугуна тийгизген залалы. Баланын дени сак жашоосунун негиздери. Балдардын жаман адаттарын алдын алуу. «Манас» эпосундагы улуттук оюндар тууралуу түшүнүк берүүнүн мааниси.

**10-тема. Бириккен Улуттар Уюмунун «Баланын укуктары жөнүндө» конвенциясы.**

Жаш жете элек балдардын укуктары менен ата-энелерди тааныштыруу ("Баланын укуктары жөнүндө" конвенциясы); укуктук маданиятты, жалпы баалуулуктарды, жеке укуктарды жана эркиндиктерди урматтоого, өзүн-өзү сыйлоо сезимин жайылтуу. Укук – ал өлкөнүн коргоосуна керек болгон, бардык адамдардын жүрүм-турум менен бирге жалпы жашоо үчүн өтө маанилүү эрежелери болуп саналат. БУУ (Бириккен Улуттар Уюму) – тынчтыкты жана адам укуктарын колдоо боюнча эл аралык уюм. Конвенция – бул укуктардын тизмесин камтыган эл аралык келишим болуп саналат. Макулдашууга кол койгон мамлекеттер, ар бир баланын укугун коргоого милдеттүү. Балдардын укугу жөнүндөгү БУУнун Конвенциясы – баланын билим берүү, маданий жетишкендиктерди пайдалануу, эс алуу үчүн балдардын укуктарын аныктай турган эл аралык-укуктук документ.

## 6-КЛАСС

**1-тема. Окуучулардын эркин калыптандыруу.**

Окуучулардын эркин калыптандыруу менен ата-энелерди тааныштыруу. Эрк ички жана тышкы тоскоолдуктарды жоюу менен байланышкан адамдын жүрүм-туруму. Эрк менен ниеттин байланышы. Эркти көрсөтүү. Өспүрүмдүн эркин тарбиялоонун эрежелери. Окучуунун жөнөкөй жана татаал эрктүү кыймыл-аракети. Комплекстүү татаал эрктин этаптары: ой-сезими жана ага жетүү үчүн каалоо; максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн түшүнүү; шыктын пайда болушу; чечим чыгаруу; тоскоолдуктардан өтүү менен чыгарган чечимге жетүү.

**2-тема. Окуучунун мүнөзүн тарбиялоо.**

Ата-энелерди өспүрүм-окуучунун мүнөзүн тарбиялоодогу көйгөй менен тааныштыруу. Инсанга тиешелүү бири-бири менен байланышкан сапаттарды, адамдын жүрүм-турумун камтыган мүнөз адамдын каркасы катары.

Өспүрүмдүн мүнөзү менен сапаттын өз ара мамилелери. Темперамент менен мүнөздүн байланышы. Адеп-ахлактын өзгөчөлүктөрү. Мүнөзгө басым жасоо.

### 3-тема. Өспүрүм окуучунун өзү-өзү таануусу.

Ата-энелер менен биргеликте өспүрүмдүн өзү-өзү таануу көйгөйүнүн калыптанышына көңүл бөлүү. «Мен-концепция» өзүн-өзү таануу түшүнүгү катары. Өзүнүн ордун табуу – негизги маселе. Өзүн-өзү таануунун өспүрүмдүн коомдошуусуна тийгизген таасири. Адамдар арасындагы өз ара байланышуу жолу менен өзүн-өзү таануу сезиминин калыптанышы. Ата-энелердин ортосундагы мамилелердин таасири, курдаштары арасындагы ээлеген орду, өспүрүмдүн өзүн-өзү таанууда мугалимдердин катышы. Окучуунун ийгиликтери менен кемчиликтери, жетишкендиктери, аларга коюлган талаптардын таасири.

### 4-тема. Өзүнө ишенбеген балдар менен өз ара аракеттенүү.

«Өзүнө ишенбеген балдар» категориясынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө баштапкы түшүнүк берүү. Өзүнө ишенбеген балдар менен иштөө техникасы жана ыкмалары менен ата-энелерди тааныштыруу. «Өзүнө ишенбөө» жана «өзүнө ишенбестик» жөнүндө түшүнүк берүү. Баладагы өзүнө ишенбестиктин келип чыгышынын себептери. Өзүнө ишенбеген балдарга кандай жардам көрсөтсө болот.

### 5-тема. Үй-бүлөлүк баалуулуктар боюнча окуучуга багыт берүү.

Окуучуда баалуулук багыттарын калыптандырууда үй-бүлөнүн ролу. Үй-бүлө чакан коомдук топ катары. Үй-бүлөдөгү карым-катнаш жана анын балага тийгизген таасири. Бала менен тыгыз байланышта болуу – үй-бүлөнүн тарбия берүүдөгү зарыл шарты катары. Ата-энелердин балага болгон мамилеси. Үй-бүлөдөгү адеп-ахлактык негиздер. Бала – үй-бүлөдөгү негизги баалуулук. Үй-бүлөдөгү сылык мамиле. Үй-бүлөдөгү психологиялык абалы жана анын калыптандыруу жолу. Үй-бүлөдөгү эмгек тажрыйбалары. Өспүрүмдү эмгекке үйрөтүү. Маданияттын үй-бүлөдөгү орду. Үй-бүлөдөгү идеялогиялык баалуулуктар. Салттуу кыргыз үй-бөлөсүндөгү тарбиялык нарктарды пайдалануу: улуулардын кичүүлөргө жардамдашуулары; ашарлашуу менен жумуш бүтүрүү; аттан алуу; колго суу куюу; бата алуу ж.б.

### 6-тема. Окуучунун адеп-ахлактык түшүнүктөрүн калыптандыруу.

Ата-энелер менен окуучунун адеп-ахлактык көйгөйү жөнүндө талкуулоо. Өспүрүмдүн (10-13 жаш) адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрүнүн калыптанышы. Эркек балдар менен кыздардын адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрү. Өспүрүмдүн

адеп-ахлагын калыптандырууда үй-бүлөнүн ролу. Улуу адамдарды, элдик баатырларды өрнөк тутуу идеясы.

**7-тема. Өспүрүмдүн көйгөйлүү жүрүш-турушу.**

Өспүрүмдүн көйгөйлүү жүрүш-турушу менен ата-энелерди тааныштыруу. Өспүрүмдөр арасында көйгөйлүү жүрүм-турумун алдын алуу боюнча ата-энелердин ролу. Көйгөйлүү журум-турум. Жүрүм-турум эрежелерине жана нормаларына ылайык келбеген жүрүм-турум. Коомго каршы жүрүм-турум. Баланын коомдо кабыл алынган адеп-ахлак талаптарына карама-каршы жүрүм-туруму. Баладагы өзүмчүл багытты четтетүү. Баладагы агрессивдүү багытты токтотуу. «Тарбиялоого татаал балдардын» пайда болуу, калыптануу механизми.

**8-тема. Үй-бүлөлүк тарбияда элдик тарбиянын түрлөрүн колдонуу.**

Тыюу тарбиясы; Буюруу тарбиясы; Талап кылып тарбиялоо; Жазалап тарбиялоо; Бөпөлөп тарбиялоо; Колдоо тарбиясы; Шыктандыруучу тарбия; Үлгү көрсөтүп тарбиялоо; Ишеним тарбиясы; Эркин тарбиялоо; Сөз менен тарбиялоо. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү нарктуу сөздүн ролу. Элдик чечендик өнөрүнүн тарбиялык таасири.

**9-тема. Үй-бүлөлүк китеп окууну уюштуруунуну мыкты өрнөктөрү.**

